02-7

# *Мектептин жылдык*
# *Иш планы*

5 ж. ст 166

## №39 Н.Зайниддинов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде 2019/2020 окуу жылынын жылдык аткарылган иштери боюнча

# Анализ.

**2019/2020-окуу жылы боюнча мектепте жалпы 17 мугалим эмгектенди.**
**Жалпы 122 окуучу аяктады, анын ичинен 61 кыз жана 61 эркек бала.**
**Билим сапаты 48 % 122 окуучудан 12 отличник, 40 ударник.**
**Жыл ичинде 1 окуучу келип, 2 окуучу кетти.**
**Даярдоо классына 15 окуучу кабыл алынып.**

**2019/2020- окуу жылынын сентябрь айынан баштап окуу планынын аткарылышы боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:**

1-11-класстар жалпы билим берүү мектеби үчүн түзүлгөн базистик окуу планы менен окутулду.
2019/2020- окуу жылына карата түзүлгөн сааттардын эсеби боюнча класстарга бөлүнүп берилген сеткадагы сааттардын бардыгы өтүлдү.
Майрам күндөрүнө туура келип калган сабактар башка иш күндөрүнө түзүлгөн график боюнча кошумча сааттар менен толукталды.
Жыл жыйынтыгында билим сапаты төмөндөгүдөй корсөкүчтөргө ээ болду.

| | Класстар | 2018/2019 | 2019/2020 | динамика |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-класс | 48% | 50% | +4 |
| 2 | 3-класс | 38% | 46% | +4 |
| 3 | 4-класс | 48% | 49% | +5 |
| 4 | 5-класс | 42% | 47% | +4 |
| 5 | 6-класс | 42% | 46% | +5 |
| 6 | 7-класс | 50% | 48% | +4.7 |
| 7 | 8-класс | 40% | 44% | +4.8 |
| 8 | 9-класс | 49% | 50% | +4 |
| 9 | 10-класс | 39% | - | + 3 |
| 10 | 11-класс | 46% | 48% | +8 |
| | жыйынтыгы | 47.4% | 48% | +2.8% |
| | | 108 окуучу | 108 окуучу | |

## 1.Кадрлар менен иштөө.

№39 Н.Зайниддинов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде 17 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 1 мугалим пенсия жашында,2 жаш мугалим бар. Сентябрь айынан баштап 1 мугалим декреттик отпускага чыкты.

Жыл башында ар бир мугалим менен эмгек келишими түзүлгөн.

Ар бир предмет боюнча мугалимдер толукталган. Предметтер боюнча сааттар туура бөлүнүп берилген. Тажрыйбалуу мугалимдер жаш мугалимдерге насаатын айтып, тажрыйбасы менен бөлүшүп иштешет.

Жалал-Абад шаарындагы БББнын графиги жана райОНОнун буйругуна ылайык предметтик мугалимдер жыл сайын өз билимин жогорулатуу курстарына жиберилип турат. Жалпы 17 мугалимдин ичинен 2011-жылдан бери 8 мугалим курстан өткөн. Мугалимдер арасында тренингдер, семинарлар өтүлүп, жаңы методикалар мугалимдер арасына жайылтылып турат.

Мындан тышкары мугалимдер район ичинде өткөн семинарларга, сабак-тренингдерге жиберилип турду.

Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, усулдук жардам көрсөтүлүп турду.

Ар бир мугалим интернет түйүнү менен өзүлөрүнө керектүү маалыматтарды алып, сабактарында колдонууга жетишишти.

Ар бир жуманын 1-күнү метод бирикме жетекчилеринин жыйналышы болуп, өткөн жуманын ишине анализ берилип жана кийинки жумага пландар кабыл алынып турду.

Сентябрь айынан бери метод биримелерде жакшы иштер жүргүзүлдү, бирок аны менен бирге кемчиликтер да болбой койгон жок.

Метод бирикмелерде планга ылайык айрым иштер аткарылбай калган учурлар болуп жатты.

Башталгыч класстар метод бирикмесинин жетекчиси Раимова Мухабат “Башталгыч класстарда окуучулардын түшүнүп окуусун кантип жөнгө салуу керек?” темасында сабак-тренинг өтүп,бул сабактын жыйынтыгы педагогикалык кеңеште каралды.

Гуманитардык метод бирикмеде орус тили жана англис тили сабактарынан жумалыктар өтүлдү. Кыргыз тили жана адабияты сабактарынан “Манас таануу”, Тил жумалыгы ж.б сыяктуу декадалар өтүлдү. Кыргыз тили мугалими Кудайкулова Дамира “ Жазуу иштеринин абалы” темасында доклад окуп, жазуу иштерин кантип жөнгө салуу керек боюнча оюн айтып өттү.

Мектепте “Акыл ордо” интеллектуалдык конкурстары өтүлүп турду.

Мугалимдердин натыйжалуу иштешине мектепте бардык шарттар түзүлгөн.

Мектепте класс кабинеттер жабдылган, мугалимдер үчүн 6 компьютер, 1 түстүү менен жана 1 жөнөкөй принтерлер менен компьютерлер иштейт.

Сабакты көрсөтмөлүү кылып, ТСО менен сабак өтүү үчүн компьютерлер жана1 проектору менен пайдаланууга болот.

Класстар 11 класс комплектиге бөлүнүп, 11 класс жетекчи класстар менен иштейт. 6 класс кабинети жасалгаланып, кабинет жетекчилери класстардын тазалыгына эстетикалык жактан жабдылышына көзөмөл кылат.

Мектепте мугалимдер 4 метод бирикмеге бөлүнгөн.

Арбир метод бирикменин жетекчиси топтордо иш алып барышат.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жана өз билимин көтөрүү боюнча мектепте толук шарттар түзүлгөн.Мектеп администрациясы тарабынан атайын усулдук күндөр уюшулган.

Усулдук күндөрдө мугалимдер атайын көйгөйлүү проблемалар боюнча тегерек столдорду, сабак-тренингдерди,конференцияларды өтүп турушат.

## 2.Окуу процессине анализ.

2019/2020- окуу жылында окуу процесси мектептин ички көзөмөлүнүн негизинде жүргүзүлдү. Сентябрь айында өткөн окуу жылына анализ берилип, жаңы окуу жылына пландар кабыл алынды. Предметтик мугалимдер толукталып, сааттар бөлүштүрүлдү. Мектепте кыргыз тилинде окутуучу жалпы билим берүү үчүн 2019/2020 окуу жылына карата кабыл алынган базистик окуу планы боюнча план түзүлдү.

Жаны окуу жылында окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү максатында жаңы милдеттерди кабыл алып,

**2019/2020-окуу жылында мугалимдер төмөнкүдөй милдеттердин үстүндө иштешти:**

-башталгыч класстарда окуп, түшүнүүсүнүн үстүндө иштөө
-башталгыч класстарда окуучулардын кол жазмасынын үстүндө иштөө
-ар бир сабакта окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү
-башталгыч класстан баштап окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл буруу
-окуучулардын кол жазмасына ар бир сабакта көңүл буруу
-жөндөмдүү окуучулар менен жекече иш алып баруу
-райондук,областтык,республикалык олимпиадаларга окуучуларды даярдоо
-11-класстын окуучуларынын билим деңгээлин көтөрүү менен ОРТга даярдоо
-математикалык багыттагы предметтерди окутууну колго алуу
-физика,химия сабактарынан лабораториялык иштерди жүргүзүүнү колго алуу
-математикалык теңдемелерди чыгарууну колго алуу
-орус жана чет тилдеринде эркин сүйлөөгө үйрөтүү
-тарых,география,биология сабактарында окуп түшүнүүсүнүнүн жана алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнүн үстүндө иштөө
-кол эмгек,көркөм өнөр,музыка сабактарында балдардын чыгармачылыгын арттыруу
-кыргыз тил,адабият сабактарында эне тилин билүүгө өз элинин маданиятын ардактоого үйрөтүү

Мугалимдин алдына койгон максаттын үстүндө иштөө менен 2-жарым жылдыкта Окуучулардын билим деңгээли аз да болсо жогорулаган.
Эгерде билим сапаты 2-чейректин жыйынтыгы боюнча 2%ти түзсө. Бул %тик көрсөткүчтү кийинки чейректерде көтөрүүнү милдет катары кабыл алынып, 4-чейректин жыйынтыгы жана жылдык жыйынтык боюнча бул % тик көрсөткүч +2.5%ке көтөрүлгөн.

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын предметтер боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду. Предметтик декадалар, семинар-тренингдер, ачык сабактар, интеллектуалдык марафондор, конкурстар өтүлүп турду.
Жыл ичинде чейрек сайын административдик текшерүү иштер, жат жазуулар, тесттер алыныптурду.
Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтерден 28%тен 38%ке чейинки көрсөткүчтү берген.
Сентябрь айынан баштап администрация тарабынан мугалимдердин сабактарына катышып, кемчиликтери жана жетишкендиктери оюнча анализ берилип турду.
Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, сабак өтүүнүн методдору, сабкка даярдануу,өзүн алып жүрүү ж.б боюнча көрсөтмөлөр берилди.
Тажрыйбалуу мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу үчүн сабак-тренингдер, ачык сабактар өтүлдү.Октябрь декабрь айларында башталгыч класстарда окуучулардын окуп түшүнүүсүн, билим сапатын,жазуу иштерин, дептерлери текшерилип, кемчиликтери жана жетишкендиктери айтылып өттү. Бул боюнча педкеңеште каралып, айрым мугалимдерге эскертүү берилди.
Март айында райондук масштабда башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында “Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана баалоонун түрлөрү” темасында семинар өтүлүп, мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу болду. Семинарга даярдануу убагында окуучулардын билим деңгээли аз да болсо көтөрүлүп, сабакка болгон жоопкерчилиги артты.

Окуучуларды райондук,областтык,республикалык олимпиадаларга даярдоонун негизинде жыйынтык начар чыккандыгын моюнга алуу керек. Даярдалган окуучуларыбыз райондук олимпиададан 3 орундарга ээ болуу менен бирге , областтык олимпиада чыкбадык
Жыл аягында класстан класска көчүрүү экзамендери алынып, окуучулар 100% класстан класска көчүрүлдү.
9-11-класстарда жыйынтыктоо аттестациясы жүргүзүлүп, 9-класстарга күбөлүктөр,
11-класстын окуучуларына аттестаттар тапшырылып, окуу жылы жыйынтыкталды.

Быйылкы окуу жылында 11-класстын 7 окуучусу ОРТ тапшырды.
11-класстын 7 окуучусу ОРТ тапшырып, 6 окуучу 100 балга чейин жана эң жогорку балл 121 баллд түзүп, жыйынтыгы 87% ти түздү.

## 3.Тарбиялык иштер.

Тарбия иштери жыл башында белгиленген пландарга ылайык жүргүзүлдү.
Ар бир класс жетекчи менен жана өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү менен ар бир айда аткарыл турган иштер талкууланып,бекитилген.
Ар бир ай ичинде ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүшүп,орчундуу маселелер боюнча и[illegible] барышты

Окуучулардын келип-кеткени, сабакка,коомдук иштерге катышуусу, мектеп формасын кийиши такай көзомолгө алынып турду/

Мындан тышкары:

***Сентябрь айында*** "Билим күнүнө" карата ачык сааттар өтүлдү.Жалпы ата-энелер чогулушу болуп, үч тараптуу келишимдер түзүлүп, бекитилди. Ар бир класста окуучулардын социалдык абалы такталды.
"Кыргыз тили-мамлекеттик тил" жумалыгы өткөрүлүп,активдүү катышкан класстар жана айрым окуучулар белгиленип,грамоталар менен сыйланышты.
"Тамеки ден-соолукка зыян","Насвай" темаларында тарбиялык сааттар өтүлүп, мектеп ичинде түшүндүрүү иштери, насвайдын,тамекинин зыяндуулугу боюнча кинотасмалар көрсөтүлдү.

***Октябрь айы боюнча:***

"Балдардын укугу тууралуу Конвенция" боюнча класстык сааттар өтүлдү. Мында балдардын укугу тууралуу түшүнүк берилди.
"Мугалим-мөмөлүү дарак" майрамына карата дублер күнү,майрамдык концерттер,ачык сабактар өтүлдү.
"Карылар күнүнө" карата кары адамдар менен жолугушуу өткөрүлүп,арноо концерти берилди.
"Тимурчулар командасы" карыларды шефке алып, үйлөрүнө рейддерди жүргүзүштү,мектепте майрамдык концерт өткөрүлүп,класстык сааттар өтүлдү.
"Фтын күз","Күз берекеси" дасторкону жайылып,"Күзгү бал" концерттик программасы өтүлдү.
Дубал газеталар илинип,"Күзгү боектор" деп аталган көргөзмө уюшулду. Көргөзмөдө түрлүү жалбырактардан жасалган буюмдар,сүрөттөр көргөзүлдү.

***Ноябрь айында***:

"Тамашоу" куудулдар конкурсу 7-11-класстар арасында өтүлүп, балдардын таланттары,ойлоп тапкычтыгы бааланды. Конкурста 11-класстын "Жигиттер" командасы эң жакшы даярдыктар менен келип, 1-орунга татыктуу болду.
Мындан тышкары ар бир жума сайын кыздар кеңеши,балдар кеңеши,өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын жыйналыштары өтүлүп турду.
Соцпедагог,ИДН,өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү, класс жетекчи,ата-энелер комитети, администрация тарабынан "Үй-бүлө","Өспүрүм" рейддери жүргүзүлүп турду.
Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга арноо концерти берилди.
Башталгыч класстарда "Китеп- биздин досубуз" класстык сааттары өтүлүп,окуу китептеринин сакталышы, колдонулушу,сыртталышы текшерилди.
Ар бир жума сайын окуу китептери, күндөлүктөр, дептерлердин сакталышы текшерилип турду.

***Декабрь айы боюнча***:

Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелеринин жумалыгы өткөрүлүп, ачык класстык сааттар өтүлдү.3-классында "Жолдо сак бол! Эрежеге так бол!"ачык тарбиялык сааты, ата-энелердин катышуусу менен 2-классында "Атам,апам жана мен" тарбиялык сааты өтүлдү.
2-класста
4-класста
Ч Айтматовдун туулган күнүно карата "Кыргыздын өчпөс жылдызы" аттуу жумалык өткөрүлдү.
Жумалыкта чыгармаларынан көркөм окуу,үзүндүлөрдү аткаруу конкурсу, Айтматовдук окуу, Дубал газеталар, чыгармаларынан иллюстрациялар,сүрөттөр,рефераттар,дил баяндар конкурстары өткөрүлдү.
Суицид жана кылмыштуулук боюнча ата-энелер,ФАП кызматкерлери,имам, айылдык аялдар кеңеши,мугалимдер, окуучулардын катышуусу менен суицид жана балдар кылмыштуулугу, Анын себептери жана алдын алуу боюнча ой толгоо сабагы өткөрүлдү.
"СПИД жана аны алдын алуу" темасында ФАП кызматкерлери,имам, айылдык аялдар кеңеши,мугалимдер, 8-11-класстардын окуучуларынын катышуусу менен диспут,тарбиялык сааттар өтүлдү.
Жаңы жылдык "Балаты" майрамы 1-8-класстарда жана 9-11-класстарда "Кышкы бал" концерттик программасы өткөрүлдү.

***Январь айында:***

Окуучулардын жүрүш турушу, тартиби боюнча "Өзүн алып жүрүү маданияты" темасында аңгемелешүү болуп, тартиби начар балдар менен иш жүргүзүлдү.
Мед. Кызматкерлери, АДК кызматкерлери менен жугуштуу оорулардын профилактикасы, алдын алуу, сактануу боюнча жолугушуулар өттү.
Жума сайын кыздар жана балдар кеңеши өтүлүп, кыздардын жүрүш турушу, балдардынтартиби,сабак калтыруу, сабакка кечигүүлөр боюнча иштер жүргүзүлүп турду.

ИДН, милиция кызматкерлери менен бирдикте окуучулар арасында зордук зомбулукту, рекетти болтурбоо,алдын алуу максатында жолугушуулар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

***Февраль айында:***
Окуучулар арасында талантуу балдарды иликтоо максатында "Алло! Биз таланттууларды издейбиз!" кароо-сынагы өткөрүлдү.
Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу кечеси өткөрүлүп, 9-11-классынын окуучулары аскердик даярдыктары боюнча конкурс өткөрүштү.
Башталгыч класстар арасында "Мен Ата Мекнимди сүйөм!" темасында сүрөттөр конкурсу, 6-8-класстар арасында "Мектеп мырзасы", 9-11-класстар арасында "Күчтүүлөр, кайраттулар, Шамдагайлар" спорттук мелдештери өткөрүлдү.
***Март айында:***
Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелери боюнча тарбия сааттары өтүлүп,балдарга жолдон өтүү, жол боюнча өзүн алып жүрүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү
5-март Ак калпак күнү, кыргыыз мамлекетинин Гербинин, туусунун күнү белгиленип, тарбия сааттары өтүлдү.
8-Март Аялдардын Эл аралык майрамына арналган аплардын катышуусунда ачык тарбиялык сааттар, 11-класстын даярдоосунун астында мугалим эжейлерге жана апаларга арналган концерттик программа, "Жакшы кыз- жакадагы кундуз" 7-11-класстар арасында сулуулар конкурсу
Башталгыч класстарда жана 5-6-класстарда "Менин сүйүктүү апам" темасында сүрөттөр, ырлар конкурсу өтүлдү.
"Сүйүү- жашоонун мааниси" темасында 8-11-класстар арасында кыздар кеңеши өткөрүлдү.
Жугуштуу оорулардын профилактикасы боюнча мед кызматкерлери, АДК кызматкерлери менен Кургак оорусуна каршы иш чаралар өткөрүлдү.
ИДН кызматкери менен жолугушуу өтүлүп, "Кылмыш деген эмне?"темасында доклад окулду.
Мектептин ичинде жана айлана чөйрөсүндө тазалык иштери жүргүзүлдү,
11-класстын окуучулары өзүн-өзү башкаруу уюмунун демилгеси менен " Менин таза айылым" акциясы жүргүзүлүп, айыл тургундарынын алкышына ээ болушту.
"Нооруз "майрамына карата концерттик майрам уюштурулуп, кыргыздын улуттук ырлары,бийлери, каада-салттары, тамак-аштары көрсөтүлүп, мектеп окуучулары ата-энелерге майрам тартуулашты.
***Апрель айында,***
"Мектеп жашыл бакча" акциясы өткөрүлүп, класстарда гүлдөрдүн өстүрүлүшү, жашылдандыруу, Айыл өкмөтүнүн жардамы менен жаш балатыларды мектептин айланасына отургузуу иштери жүргүзүлдү.
ИДН менен бирдикте мектеп окуучуларынын арасында налог салуу, зордук зомбулукту болтурбоо максатында жолугушууларды өткөрүп,9-11-класстарынын окуучулары менен аңгемелешүү өттү.
"Кылмыштуулукту болтурбайбыз!" ураанынын алдында "Мыкты спорттук класс", "Эң күчтүү, шамдагай жана тез", "Мен жана менин ата-энем" маданий массалак спорттук оюндары өткөрүлдү.
***Май айы.***

Улуу Ата Мекедик согуштун 74 жылдыгына арналган иш чаралар; ачык тарбиялык сааттар, дил баяндар, рефераттар, дубал газеталар конкурстары, аралыктан өткөрүлдү.
"9-Май-Жеңиш күнү" концерттик программасын аралыктан өткөрүлдү.

27-май Акыркы коңгуроо салтанаттуу линейкасы өтүлүп, жайкы каникулга карата ата-энелер менен келишимдер түзүлүп, окуучулар жайкы каникулга аралыктан таратылды.таратылды.

## 4.Мектептин ички көзөмөлү боюнча.

Ички көзөмөлдүн иши жыл башында түзүлүп, кабыл алынып жана бекитилген план боюнча жүргүзүлдү.
***Сентябрь айынан*** баштап мектептеги жалпы документтерге көзөмөл жүргүзүлүп жатты.
Окуучулардын келген кеткени такталып,алардын өздук делолору текшерилди, айрым окуучулардын өздүк делолорунда метрикаларынын көчүрмөсү жок экендиги аныкталды.Бул боюнча класс жетекчилерге эскертүү берилип, тез аранын ичинде толуктоо милдеттендирилди.
Алфавиттик китеп боюнча окуучулар такталды.
Мугалимдердин календардык пландары бекитилди. Журналдар толтурулуп, бекитилди.
Мугалимдер жана окуучулар медициналык кароодон өткөрүлүп, журналдагы мед. баракчасы толтурулду.
Мектептин жалпы планы каралып, кошумчаланып,бекитилди.

***Октябрь айында***

баштапгыч класстардын билим сапаты,сабактардын берилиш абалы текшерилип, билим сапаты 17%тен 33%ке чейин экендиги аныкталды.

2-класста билим сапаты төмөн экендиги аныкталып, бул классты көзөмөлгө алып, иш жүргүзүү керек экендиги милдет катары коюлду.

Башталгыч класстарда начар окуган окуучулар менен иштөөнү көзөмөлгө алуу керек экендиги аныкталды.Ар бир класста шар окуй албаган, окуп түшүнүүсүн айта албаган , таблицаны жакшы билбеген балдар кездешти.Бул боюнча эскертүү берилип, сабак учурунда жана сабактан кийин мындай окуучулар менен иштөө керектигине тапшырма берилди.

Мектеп окуучуларынын күндөлүктөрү текшерилип, күндөлүктөргө баалардын коюлушу, класс жетекчи тарабынан текшерилиши,ата-энелер менен кайтарым байланыш,күндөлүктөрдүн толтурулушу, мектеп үй схемасы каралды.

***Ноябрь айында.***

Окуучулардын жазуу иштери текшерилди. Жазуу иштерин текшерүүдө окуучулардын кол жазмалары начар экендиги билинди.Айрым учурда үстүртөдөн текшерилген иштер кездешти. Мугалимдер окуучуларга замазканы колдонууга кеңири жол бергендиктери билинди. Бул боюнча пед.кеңеште каралып, жазуу иштерин,окуучулардын кол жазмаларын кантип оңдоо керектиги боюнча талкуу жүргүзүлдү.

Мугалимдер тарбынан жазуу иштери убагында текшерилет, текшерүүдө орфографиялык, пунктуациялык каталар көрсөтүлүп турат.

***Декабрь айында.***

Башталгыч класстардын окуу техникасы текшерилди.Окуу техникасы боюнча окуучулар дээрлик бардыгы окуй алышат. 2-класста гана айрым балдар окуй албагандыгы жана окуп түшүнүүсүн айтып бере албаганы билинди.3-класста окуучулар дээрлик шар окушат, класста жетише албаган окуучу жокко эсе, кее бир окуучулар менен жекече иштөө керек окуу темпи начар жана окуп түшүнүүсүн кайра айтып бере алышпайт.

**5. Ата-энелер менен иштөө.**

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.

Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды.

Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду.Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.

Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрага Жидебаева Тыны шайланды.

Октябрь айында Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү.Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.

Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликпери, тартиби жөнүндө талкуулашты.

Ноябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы өтүлүп, мектепте камкордук кеңеши ачылды.

Камкордук кеңешинин мучөлөрү , төрайымы шайланып, камкордук кеңешинин иши башталды.

Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын 1-чейрек боюнча билим сапаты,жыйынтыгы айтылды.

Декабрь айында

кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.

Жаңы жылдык “Балаты” майрамына катышып балдарына белектерин берип, алар даярдаган концерттик майрамга күбө болуп кетишти.

Январь айында

Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.

Окуучлардын 2-чейрек боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырганокуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.

Февраль айында

Ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.

Март айында

8-Март аялдардын Эл аралык күнүнө арналган ачык тарбиялык сааттар энелердин катышуусу менен өткөрүлүп, энелер балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп, маанайлары ачылды.

Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин билдирүүлөрү болду.

Апрель айында

Тартип бузган 9-классынын эркек балдарынын ата-энелери менен жекече сүйлөшүлдү.

ИДН кызматкеринин,администрациянын катышуусунда 9-класстын эркек балдарынын тартиби жөнүндө жыйналыш өткөрүлүп, ата-энелерге балдарынын тартибине үйдөн да катуу көзөмөлгө алууга милдеттендирилди.

Айыл өкмөтүнүн , мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин, мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.

Акыркы жылдары айрыкча айыл арасында балдардын келишпөөчүлүктөрү,аларга болушуп чоң балдар арасында чатактар көп болуп жатканы, аларды канткенде токтотуп, ынтымакка чакыруу керектигине токтолуп, бул проблеманы чогуу отуруп чечишти.

Май айында жалпы ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп, жыл жыйынтыгы боюнча билдирүү болду.

**6.Педкеңештин иши жөнүндө.**

Мектепте окуу жылынын башталышынан бери 6 кеңешме өткөрүлдү.

***Август айындагы*** кеңешмеде өткөн окуу жылындагы иштелген иштерге анализ берилип,жаңы окуу жылына милдеттер кабыл алынды.

Өткөн окуу жылындагы жетишкендиктер жана кемчиликтер айтылып, бул жылы кемчиликтерди кетирбөөгө, билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштөөгө милдеттер кабыл алынды.

Окуу планына ылайык сааттар бөлүштүрүлүп, экспеттик топтун мүчөлөрү бекитилди.

Класс комплектиси бекитилип, класс жетекчилер шайланды.

***Ноябрь айында*** өткөрүлгөн педкеңеште сабактардын 1-чейрек үчүн контролдук иштерди алуу 1-чейректин жыйыныгы, окуучулардын билим сапатынын мониторинги каралды.

1-чейректин жыйынтыгы боюнча жалпы окуучулардын билим сапаты -1% ке төмөндөп кеткени байкалды.Мунун себеби окуучулар узак убакытка созулган каникулда жүргөндүктөн окуу материалын кайрадан кайталап, окуучуларды кайрадан окууга көнүктүрүү үчүн убакыт талап кылынды.

Мугалимдердин мониторинг түзүүдө үстүртөдөн иштегени байкалды.Мониторинг кыска жана так эмес берилген, Окуучулардын билими боюнча маалымат берүүдө жалпы түрдө эле айтылып калган. Бул маалыматты цифра жана % менен так берүү зарыл.

Мониторинг түзүп жатканда жакшы окуган жөндөмдүү окуучулар жөнүндө жана начар окуган жетишпеген окуучуларды мүнөздөп, алар менен кандай, эмненин үстүндө иштеп жаткандыгы жөнүндө жазуу зарыл.

Предметтер боюнча берилген мониторингдер так эмес жана жетишсиз болуп жатат.Кийинки чейректерде мониторинг түзүп жатканда айтылгандарды эске алуу эскертилди.

Мындан тышкары окуучулардын күндөлүк жазуу иштери,тесттик, дил баян, текшерүү дептерлеринин текшерилиши жана абалы каралды.

Окуучулардын жазуу иштерин текшерүүдө ар бир предмет боюнча текшерүү иш, дил баяндар, тесттик иштер учурунда жазылып, мугалим тарабынан текшерилип, баа коюлат. Көпчүлүк класстарда,айрыкча башталгыч класстарда дептерлердин сырттальшы абдан жакшы.

Ошондой болсо да кемчиликсиз болбой койгон эмес.Айрым учурда мугалим тарабынан үстүртөдөн текшерилген иштер кездешкен, окуучулардын кол жазмасы начар, дептерлерде оңдоо, боеп жазуу көп кездешет,окуучулар замазканы кеңири колдонушат.

Бул кемчиликтер боюнча эскертүү берилип,окуучулардын кол жазмаларын ондоого тамгаларды элементи менен таза жазууга көнүктүрүү предметтик мугалимдерге милдеттендирилди.

Азыркы мезгилдин талабына ылайык ар бир мугалим компьютердик технологияны жакшы өздөштүрүп билүүсү зарыл экендигине мектептин директору К.Асыранов токтолуп өттү.

***Январь айындагы*** педкеңеште 1-жарым жылдыкта аткарылган иштердин жыйынтыгы 2-жарым жылдыкка милдеттер каралды.

2-жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча жалпы окуучулардын билим сапаты 40,2% көрсөткөн. Айрым класстарда, өсүш болгон эмес. Мектепте математика, тарых,кыргыз тил сабактарынан билим денгээлинде өсүш болгон.

Бул предметтер боюнча олимпиадага да окуучулар катыша алышты.

Чет тил, химия, биология сабактарынан өсүш болгон жок. бул предметтер боюнча ички көзөмөлдүн планына киргизип,иш жүргүзүү керек.Чейрек ичинде административдик текшерүү иштер , жат жазуулар, тесттер алыныптурду. Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтерден 28%тен 38%ке чейинки көрсөткүчтөрдү берген.
Окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчү төмөн олгондуктан Кийинки жарым жылдыкта % тик көрсөткүчтү көтөрүү милдет катары коюлду.
Окуучуларды олимпиадага даярдоо, катышуу жана жыйынтыгы боюнча анализ берилди.
Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча райондук олимпиадада информатика сабактарынан 3-орунга ээ болду.
Бул биздин жетишээрлик даярданбаганыбызды көрсөткөн.
Предметтик мугалимдерге эскертүү берилип, кийинки жылы областтык олимпиадага катышуу милдет катары кабыл алынып, мугалимдерге милдеттендирилди.
***Март айында*** өтүлгөн педкеңеште 3-чейректин жыйынтыгын чыгаруу,окуучулардын билим сапатынын мониторинги боюнча жыйынтык чыгарылды. Жыйынтык боюнча окуучулардын билим сапаты 46.7%ти берген. 3-чейрек боюнча жазуу иштеринен срез алганда окуучулардын баалары көтөрүлүп коюлганы байкалган.бул боюнча мугалимдерге эскертүү берилди.
Айрыкча башталгыч класстарда билим сапатынын көрсөткүчү өтө жогору. Бул балдар жогорку класстарга барганда баалары төмөндөп, окууга болгон кызыгуулары азайып калары белгилүү. Ошондуктан окуучунун өзүнүн баасын туура коюлса.
Тарбия иштеринин жүрүшүнүн абалы тууралуу тарбия завучу билдирүү жасап, мектепте тарбия иштери боюнча аткарылган иш чаралар тууралуу айтып өттү.
***Май айындагы*** кеңешмеде класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн абалы,бүтүрүү класстарында жыйынтыктоо аттестациясы боюнча жобо менен тааныштыруу жана ага киргизүү, 2019/2020-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жөнүндө айтылды.
Окуучуларды класстан класска онлайн боюнча чечим кабыл алынды.
9-11-класстарында бүтүрүү экзамендеринин жобосу боюнча түшүндүрмө берилди.
Бүтүрүү экзамендеринин расписаниеси бекитилип, экзаменаторлор, ассистенттер дайындалды.
9-11-класстардын окуучуларын экзамендерге онлайн боюнча маселе каралды.
2019/2020-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы билдирүү жасады.
***Июнь айындагы*** кеңешмеде бүтүрүү класстарында жыйынтыктоо аттестациясы уюштуруу жана өткөрүү, 9-11-классты аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн орто билими жөнүндөгү документтерин берүү салтанатын өткөрүү жөнүндө каралды.

**7.Директор алдындагы кеңешменин иши жөнүндө.**

Директор алдындагы кеңешме ай сайын өткөрүлүп турду.Сентябрь айындагы өткөрүлгөн кеңешмеде 1-4-класстарда тамактанууну уюштуруу каралып, окуучуларга тамактанууну өз убагында таза жана тыкан уюштуруу мектептин ашпозчусуна жана аны көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басарына милдеттендирилди.
Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүп,бекитүү класс жетекчилерге тапшырылды.
Мектептин соцпедагогу окуучулардын социалдык абалын тактап, ар бир класстагы окуучулар жөнүндө билдирүү жасады.
Ар бир предмет боюнча таланттуу, жөндөмдүү балдардын ийримдерин ачуу предметтик мугалимдкрг тапшырылды.
Октябрь айында өткөрүлгөн кеңешмеде мектептин китепканачысы тарбынан уюшулган "Кызыгуу менен окуйбуз" китеп дүйнөсү боюнча 5-8-класстарда өтүлгөн конференциянын жыйынтыгы талкуу алынды.
Класстарды жашылдандыруу жана тазалыгын көзөмөлгө алуу класс жтекчилерге жана кабинет жетекчилерине милдеттендирилди.
Декабрь айында өткөрүлгөн кеңешмеде мектеп ичиндеги олимпиаданы өткөрүү каралып, райондук лимпиадага катышуу үчүн окуучуларды даярдоо предметтик мугалидерге милдеттендирилди.
Мектепте жаңы жылдык "Балаты" майрамын өткөрүү тарбия иштери боюнча директордун орун басарына милдеттендирилди.
Январь айында класстык журналдар, окуучулардын өздүк делолорунун текшерилиши боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы билдирүү жасады.
Февраль айында балдар чыгармачылыгы боюнча көргөзмө уюштуруу кол эмгек, көркөм өнөр сабактарынын мугалимине тапшырылды.
Март айындагы кеңешмеде мектеп ичинде "Жыл мугалими- 2020" кароо сынагына даярдануу, ага

9-11-класстардын экзамен берүүчү предметтер боюнча административдик текшерүү жүргүзүүнүн жыйынтыгы каралды.
Китепканада “Китеп-биздин досубуз”,”Китеп-билим булагы” көргөзмөлөрүнү өткөрүлүшү каралды.
Апрель айындагы кеңешмеде “Мектеп- жашыл бакча” акциясын өкөрүү, мектептин айланасын жашылдандыруу боюнча тапшырмалар берилди.
Май айында жыйынтыктоо аттестациясы жана көчүрүү экзамендери боюнча даярдыктар ,

**8.Метод кеңештин иши жөнүндө.**

1.2019-2020-окуу жылында иштелген иштердин жыйынтыгы, жаңы окуу жылында окутуунун билим сапатын жогорулатуу боюнча маселелер, метод кеңештин мүчөлөрү бекитилди.Мугалимдер 5 метод бирикмеге бөлүнүп, жетекчилери шайланды.
2 жаш мугалимге насаатчылар бекитилип берилди.
Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, аларын иш тажрыйбаларын жайылтуу боюнча
2.Окуучулар арасында акын, жазуучулар,манас,дастанчылар, жамакчылардын кароо сынагынын жыйынтыгы,өткөрүлүшү талкууланды.
Таланттуу жана жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу, XXI-кылымдын интеллектуалы кароо сынагына катышууга даярдануу жана мектепте өткөрүү каралды.
3.Математика,ОИВТ, физика сабактарынын декадасынын өтүшү, алардын берилиш абалы каралды
Жаш мугалимдерге усулдук жардам катары алардын сабактарына катышуу, сабак өтүү методдор боюнча жардам көрсөтүү.
4. Бүтүрүү класстарында экзамен берүүчү сабактардан жазуу иштерин алуу,окуучулардын экзаменге даярдыктары боюнча талкууланды.
Башталгыч класстарда “Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана баалоонун түрлөрү” боюнча өтүлгөн семинардын жыйынтыгы каралды.Семинардын өтүшү канааттандыраарлык деп табылды.
5.Окуучулар арасында “Мыкты окуучу” кароо сынагынын өтүшү.Мыкты окуучуну тандап алуу.
6. Метод бирикме жетекчилеринин отчету берилип, кемчиликтер, жетишпей калган иштер боюнча билдирүүлөр жасалып,талкууланды.
Жаны окуу жылына карата милдеттер иштелип чыгып,пландар түзүлдү